
**AKADEMİK BAKIŞ DERGİSİ**
**Sayı: 30 Mayıs – Haziran 2012**
**Uluslararası Hakemli Sosyal Bilimler E-Dergisi**
ISSN:1694-528X İktisat ve Girişimcilik Üniversitesi, Türk Dünyası Kırgız – Türk Sosyal Bilimler Enstitüsü, Celalabat – KIRGIZİSTAN
http://www.akademikbakis.org



# ТҮРКИСТАНДАН АНАДОЛУГА БИР КӨЧ ЖАНА АЙЫЛ ЧАРБА МАКСАТТУУ ЖАЙГАШТЫРУУ МИСАЛЫ: УЛУУ ПАМИР (*)



**Доц. док. Тунжай Өздемир (**)**

**Кыскача мазмуну**

Улуу Памир жашаган кыргыздардын эң чоң өзгөчөлүгү 110 жылдан бери өз жерлерин ар дайым которуп турушкандыгында. Улуу Памир айылынын тарыхы, Орус импараторлугунун жылуу деңиздерге чыгуу саясаты жана анын натыйжасында Орто Азия жана Памир элдерининин топ топ болуп көчүүгө аргасыз калышкандыгынын жана адам чыдагыс азаптарга кабылуусунун анык күзгүсү болуп эсептелет.

Кыргызстандан башталган бул узак сапар Тажикстан, Афганистан, Чыгыш Түркистан (Кытай), кайрадан Афганистан, Пакистан жана Түркия (Адана, Малатия, Ван, Эржиш) аралыгында он жылдан ашуун убакытка созулган.

Изилдөөбүзгө негиз болгон Улуу Памир айылы Чыгыш Анадолунун Ван областында, Ван көлүнүн жээгинде жайгашкан Эржиш шаарынын 26 км. Түндүк Батышында 16км$^2$ды ичине алган Зейлан (Алтын дарыя) суусунун куймасынан чогулган Кочкөпрү суу амбарынын батышында, айланасы бийик тоо жана бөксөлөр менен курчалган түздүктө калкынын саны 1900ду түзгөн жайлоо сыяктуу бир айыл.

**Ачкыч сөздөр:** Кыргызстан, Россия, Търкия, Улуу Памир, көч.

# TÜRKİSTAN'DAN ANADOLU'YA BİR GÖÇ VE TARIMSAL ÜRETİM AMAÇLI İSKAN ÖRNEĞİ : ULUPAMİR

**Özet**

En önemli beşeri coğrafya özelliği yaklaşık 110 senedir yer değiştirmek olan Ulupamir Köyü'nün tarihi, Rusya'nın çağlar boyunca değişmez amacı olan "sıcak denizlere inme" politikasının Orta Asya ve Pamir yaylalarındaki Oba ve Hanlık'lar üzerinde

---

* Бул жазуу Търк географиялык борбору, Търк географиялык журналынын 1997-жылы жарыйаланган 32-санында търк тилинде басылган макаланын кайрадан карап чыгылгандан кийинки кыргыз тилине котормосу.

** Тракия университети, билим беръъ факультети жана ТДИФ, Экономика жана Ишкердик университетинин, Кыргыз-търк менеджмент факультетинин окутуучусу, drtncyzdmr@hotmail.com

yoğunlaşmasından sonra yüz binlerce insanın yaşamak zorunda kaldığı büyük göç ve çilelerin tarihidir.

Kırgızistan'dan başlayan bu büyük yolculuk, Tacikistan, Afganistan, Doğu Türkistan (Çin),tekrar Afganistan, Pakistan (İslamabad) ve Türkiye (Adana-Malatya-Van-Erciş) arasında onlarca yıl devam etmiştir.

ABD (Alaska),Kanada ve Türkiye seçenekleri arasından Anadolu'yu tercih eden Ulupamir'liler sonuçta devletçe inşa edilmiş oldukça modern görünümlü, hepsi iki katlı, betonarme, bitişik nizam, sosyal konut tipinde 298 meskenden müteşekkil bir köye iskan edildiler.

## THE İMMİGRATİON FROM TURKİSTAN TO ANATOLİA AND THE SETTLEMENT MODEL FOR AGRİCULTURAL PRODUCT: ULUPAMİR

**Abstract**

The history of the Ulupamir village whose most important and anthoropegeographical characteristic has been a constant change of space and home for a hundred and ten years, is that of an exodus, which hundreds of thousands of people have experienced since the focusing of Russia`s age-old and unchanging policy on the Oba`s, and Hanliq`s of "reaching the warm seas"

The exodus which started in Kyrgyzstan has continued for many decades via Tadzhikistan, Afghanistan, East Turkistan (China) and again via Afghanistan, Pakistan and Turkey (Adana-Malatya-Van-Erciş)

Fnok amongst the three choices offered to them for settling, namely the USA (Alaska) Canada and Turkey, the immigrants choose the settle in their ne1 village, Ulupamir, Turkey comprising 298 semi-detached, double-storeyed, concrete apartments, all fairly modern-looking and all built by the State.

**Key Words:** Kyrgzistan, Turkey, Russia, Ulupamir village, İmmigration.


**Инсандын географиялык белгилери**

Жогорудагы айтып кеткен Улуу Памир айылы бийик тоолору, жайлоолору жана өрөөндөрү менен Орто Азияда дүйнөдө өзгөчө орду бар Памир аймагындан көчүп келишкен. Индикуш, Кунлун, Алтай, Гималай, Кара- кум жана Теңир-Тоо сыяктуу дүйнөнүн эң бийик кырка тоолорунан башталган жана орточо бийиктиги 4000 м. болгон бул аймак азыркы кезде Тажикистандын карамагында жайгашкан. Бирок бул аймак муну менен эле чектелбей Афганистан жана Чыгыш Түркистан-Кытайдын Цинь-Зань аймагына чейин узап жатат. Памир аймагынын аянты 100 000 км$^2$ дан ашып

**AKADEMİK BAKIŞ DERGİSİ**
**Sayı: 30 Mayıs – Haziran 2012**
**Uluslararası Hakemli Sosyal Bilimler E-Dergisi**
ISSN:1694-528X İktisat ve Girişimcilik Üniversitesi, Türk Dünyası Kırgız – Türk Sosyal Bilimler Enstitüsü, Celalabat – KIRGIZİSTAN
http://www.akademikbakis.org

1000ден ашуун мөңгүлөр менен куурчалып турат. Бүтүндөй Орто Азияны суу менен камсыз кылган Амур дарыя ушул мөңгүлөрдүн натыйжасында жемишин берип келет.


Улуу Памирдеги бул айыл негизи Кыргызстандын түштүгүндөгү Алай жеринде жашап келишкен. 1863-жылдан бери сезилген Орус импараторлугунун коркунучу жана Англичан-Орус чек ара камиссиясынын түзүлүшү менен ошол убактагы Кокон хандыгынын аймагын жана Памир жайлоолорун бөлүшүү иши башталып[*], 1878-жылда максатына жетишкен. Аймакка кирген империялисттер жергиликтүү калк менен эсептешпей тескерисинче аларга ар кандай кордуктарды көргөзүүнүн натыйжасында аймактын калкы Сибир, Манчурия ( Монголиянын Батышы-1982 жылы аймакта 884 кыргыз жашаган) Чыгыш Түркистан (Үркүн окуялары), Монголия, Башкирия, Казакстан, Пакистан, Афганистан (1982 жылы 100 000 кыргыз) жана Өзбекстан сыяктуу коңшу өлкөлөргө жана башта Урдун[†], Сирия, Оман, Германия, АКШ жана Австралия[‡] сыяктуу узак өлкөлөргө аз жана көп сандап качууга аргасыз болушкан. Бул аргасыз көчтөр көп убакытка чейин уланып келген.





**Форма 1: Улуу Памир айылынын топографиялык картасы.**

[*] Салк, Г. "Кыргыз чыйыры-Оогандан оогондор", Кыргыз маданияты журналы, NO: 45-48, Бишкек, Февраль,1993.
[†] Инжете, Р. Цинь- Зян Кыргыз адабияты журналы, саны-2, Бишкек- 1990.
[‡] Мугалимдер газетасы, Бишкек, Февраль, 1989. Керимова Н, Конкобаева К, ‘‘ Кыргыз диаспорасы, Сырттан келгендер үчүн’’, Бишкек, 1992.

**AKADEMİK BAKIŞ DERGİSİ**
**Sayı: 30 Mayıs – Haziran 2012**
**Uluslararası Hakemli Sosyal Bilimler E-Dergisi**
ISSN:1694-528X İktisat ve Girişimcilik Üniversitesi, Türk Dünyası Kırgız – Türk Sosyal Bilimler Enstitüsü, Celalabat – KIRGIZİSTAN
http://www.akademikbakis.org





**Форма 2: Изилдөө аймагынын жайгашкан жери.**





**Форма 3: Изилденген объектинин катары менен жогорулап олтурушу жана жайгаштыруунун жалпы абалы.**

**AKADEMİK BAKIŞ DERGİSİ**
**Sayı: 30 Mayıs – Haziran 2012**
**Uluslararası Hakemli Sosyal Bilimler E-Dergisi**
ISSN:1694-528X İktisat ve Girişimcilik Üniversitesi, Türk Dünyası Kırgız – Türk Sosyal Bilimler Enstitüsü, Celalabat – KIRGIZİSTAN
http://www.akademikbakis.org




**Форма 4: Улуу Памир айылынын 1880-1987 жылдар арасындагы көчъълөрънън багыттары жана өзгөчөлъктөръ.**

**AKADEMİK BAKIŞ DERGİSİ**
**Sayı: 30 Mayıs – Haziran 2012**
**Uluslararası Hakemli Sosyal Bilimler E-Dergisi**
ISSN:1694-528X İktisat ve Girişimcilik Üniversitesi, Türk Dünyası
Kırgız – Türk Sosyal Bilimler Enstitüsü, Celalabat – KIRGIZİSTAN
http://www.akademikbakis.org




**форма 5: Боз ъйдъ куруунун жолдору.**

Изилдөөбъздън башаты болгон Улуу Памир айылындагы кыргыздар 1880-жылы Памирдин ханы Рахманкул хандын башчылыгында 110 жылдык бир “көчмөндөр” жашоосун баштап, 1917-жылкы болшевиктик төңкөрүшкө чейин Тажикстандын Мургап аймагында туруп калышты.

Болшевиктик төькөръш бул жерге да өз таасирин тийгизе баштаганда бул жолу Кичи Памир да денилип келген Афганистан Памирине көчүп өтүштү. Бул жерде 15 жыл калган Рахманкул Хан баштаган кыргыздар 1942-жылы Чыгыш Түркистанга жакын жана жашоо шарттары жеңил болгондугунан көчүп өтүштү, бирок аз эле убакыт ичинде Маонун бийликке келишинен улам кайрадан мурдагы жерине кайтууга аргасыз болушкан. 1979-жылы СССРдин Афганистанга кирүүсү кыргыз көчүн кайрадан жандандырды жана бул жолу кыргыздар Пакистандын Гилгит шаарынын четиндеги бир айылчада 4 жыл туруп баштагы 3 айдын ичинде эле ысыкка чыдабай 103 адам каза таап 4 жылдын ичинде болсо жалпы 272 адамдан айрылышкан.

Гилгиттеги жашоо шартына чыдай албаган кыргыздар кайрадан көчъгө камданып, АКШ жана дъйнөнън башка мамлекеттерине көчъ мъмкънчългъ болгонуна

AKADEMİK BAKIŞ DERGİSİ
Sayı: 30 Mayıs – Haziran 2012
Uluslararası Hakemli Sosyal Bilimler E-Dergisi
ISSN:1694-528X İktisat ve Girişimcilik Üniversitesi, Türk Dünyası
Kırgız – Türk Sosyal Bilimler Enstitüsü, Celalabat – KIRGIZİSTAN
http://www.akademikbakis.org

карабастан Пакистандагы Търк элчилигине кайрылып Анадолуга көчъънъ каалашкандыгын билдиришкен жана бул максаттарына 1982- жылы жетишкен.

Памир жайлоолорунда боз ъйлөрдө жашашкан кыргыздар бул жерге келгенде баары кыштан салынган тамдарда жашашкан жалпы 298 ъй-бълөдөн турган бир айыл абалына келди.

**Таблица 1: Улуу Памир айылындагы жалпы калктын саны.**

| Жыл | калкынын саны | эркек | аял | ъй саны | ъй бълө саны |
|---|---|---|---|---|---|
| **1982** | 760 | 330 | 430 | 298 | 298 |
| **1990** | 1358 | 606 | 752 | 311 | 364 |
| **1995** | 1859 | 826 | 1033 | 328 | 378 |

Бул маалыматка караганда 1982-1995ге чейин 13 жылдын аралыгында калктын саны 1,5 эсеге өскөн. Жаьы муунда окуу-жазуу деьгээли аялдар арасында 85%, эркектер арасында 100% ды тъзөт. Турмуш куруу жашы кыздар ъчън Памирде 15-16 жаш арасында болгон болсо бул жерге келгенде 18-20 жашка чыккан. Бул жерге келген кыргыздардын арасында 1998-жылга чейин болгону эки гана аыжрашуу катталган ( алардын бири жаш айырмачылыгы болсо экинчиси бири-бирине болгон начар мамилесинен улам). өзълөрънөн башкаларга кыз берилбеши да Вандагы кыргыздардын эь башкы өзгөчөлъгъ


Айылда санжыралуу бейпилчилик жана тынчтык өкъм сръъ менен эч кандай чыр-чатактар катталбайт. «Аксакалдар Кеьеши» айылда таасирдъъ кънкө ээ жана ар бир айылдык сыйлап турушат.

СССРдин таркашы менен биргеликте Улуу Памир айылынан Кыргызстанга каттоолор көбөйгөн. Бул бат-бат каттоолордон улам эки адам Бишкекте отурукташып калышкан*.

Улуу Памир айылынын географиялык абалына жана өзгөчөлъктөрън= карап көрө турган болсок көбънчө айыл чарбасына жараксыз жайгашуу жерлер болуп эсептелет. Ошондуктан бул жерде да эскинин учугун улап Алайдагыдай эле мал чарбачылык менен алектенишет.

* Изилдёёнън 1996-жылы бътъшънё карай бул сан 3 ъй-бълёёгё жетти жана 4 окуучу униветситетти Бишкекте окуп жатышат.

AKADEMİK BAKIŞ DERGİSİ
Sayı: 30 Mayıs – Haziran 2012
Uluslararası Hakemli Sosyal Bilimler E-Dergisi
ISSN:1694-528X İktisat ve Girişimcilik Üniversitesi, Türk Dünyası Kırgız – Türk Sosyal Bilimler Enstitüsü, Celalabat – KIRGIZİSTAN
http://www.akademikbakis.org




**Форма 6: Улуу Памир айылындагы жашоо ъйлөрънън бир търдъ планы.**

Калкынын саны 1900дөн ашып калган бул айылдын билим беръъ тармагына келе турган болсок мектеп катары мурдагы айылдыктардын курулуш кызматтары ъчън пайдаланып келишкен курулушту пайдаланып келишет. Саны боюнча бир айылдын элинен да көп бул айылга мектеп салуу долбоору каралуусуна карабастан ишке ашпай келет. Бул мектеп башталгыч класстар ъчън гана болгондуктан 5-11 класска чейин Эржиш шаарында окушат.

Жогоруда да айтып кеткендей бул айылдын негизги кирешеси мал чарбачылык болуп эсептелет. Айылды азык тълък менен камсыздандырууда мал чарбачылыгынын орду аябагандай чоь. Айылдын жалпы колдонууга жарамдуу жерлеринин көбън жайыттар тъзөт. Айдоо жерлерине көбънчө малга жем боло турган өсъмдъктөрдъ эгишет жана негизги тамак аш болгон буудайды Эржиш шаарынан ун боюнча сатып алып жашоолорун өткөръшөт. Бул айылдын суугат жерлерден алыс жайгашуусуна байланыштуу ар бир ъй-бълөөгө 2,5 гектардан суугат, 8 гектардан кайрак жер туура

келет. Бул жерлердин жээрлик көпчългъ мал чарбасы ъчън иштетилгенине карабастан ар жылы айыл тоют жетишпестигинин кыйынчылыктарын тартып келишет. 1995-жылы малга деген жемдин 50% пайызын сатып алышкан. Мунун эь башкы себептеринин бири малдын санынын къндөн-кънгө өсъп жаткандыгында. Алсак башта 2000 баш койдун 1995-жылга келгенде 5000ге чыккан жана башта такыр жок болгон кара малдын саны 893 чыккан.

Айылда мал чарбачылыгын өнъктъръъ максатында башта 8-12 адамга 12ден кой, 6-8 адамга 8ден кой, 2-6 адамга 6дан кой берилген жан бул койлордун аймактын шарттарына чыдай ала турган Мор жана Аккарман койлору экендиги айтылса да Эржиш шарындагы мал базардан сатылып алынгандыгы ъчън көптөгөн ооруларды өздөръ менен кошо алып келген анын натыйжасында берилген койлордун көбъ аз убакыттан кийин эле кеселден өлгөн. Ошондон улам айылдын тургундары азыркыга чейин Эржиш мал базарынан мал сатып алууда этияттык кылышат.

**Жыйынтык жана сунуштар**

Байкаганыьыздардай Улуу Памир айылында маселелер жок эмес. Бул маселелер көбънчө айыл жана мал чарбачылыгына байланышкан маселелер болуп, анын жанында суу келъъчъ каналдардын жараксыз абалга келип калгандыгы да өзънън кедергисин тийгизип келет. Бул маселелер бир тараптуу чечилип калса балким Стамбул жана Малатия сыяктуу чоь шаарларга көчъп жаткан жаштардын агымы да азаймак.

Мен бул изилдөөмдъ аяктап жатып төмөндөгъ сунуштарымды киргизип кетмекчимин:

1. Улуу Памир айылы айланасындагы 24 айыл сыяктуу мал чарбачылык менен алектенет жана өзгөчө кургакчылык мезгилдерде жайыт менен камсыз кылуу ишин колго алуу.
2. Айыл чарбасын жандандыруу ъчън суугат каналдарын калыбына келтиръъ жана айыл чарбасына керектъъ шаймандар менен камсыз кылуу.
3. Айылды айыл жана мал чарба адистери менен камсыз кылуу же айыл тургундарына ушул тармактар боюнча сабактарды уюштуруу.
4. Мал чарбасынан чыккан продукциялардын көлөмън арттыруу жана бул иш аракеттердин Ван облустук администрациясы тарабынан колдоого алынуусу.
5. Айылга 3000 метр бийиктиктеги тоолордон тъшкөн Зейлан дарыясын пайдалануу ишин жана алабалык өстъръп сатууну колго алуу.
6. Айылдагы ъйлөрдън көрънъшъ бузулбашы ъчън ъйлөрдън биринчи катындагы мал сарайлар алынып, кайрадан ъй катарында колдонуп баштоо. Жаьы мал сарайлар ъйлөрдън арасындагы бош жерге ирети менен салынышы керек.
7. Калкынын саны боюнча айыл статусунан чыккан бул жердин статусун дагы да көтөръ менен биргеликте айылдын өнъгъъсън камсыз кылуу.

AKADEMİK BAKIŞ DERGİSİ
Sayı: 30 Mayıs – Haziran 2012
Uluslararası Hakemli Sosyal Bilimler E-Dergisi
ISSN:1694-528X İktisat ve Girişimcilik Üniversitesi, Türk Dünyası
Kırgız – Türk Sosyal Bilimler Enstitüsü, Celalabat – KIRGIZİSTAN
http://www.akademikbakis.org

Акыркы сөз катары бүгүнкү күндө жогоруда да айтылгандай айылдагы жашоо шартынын оордугунан шаарларга көчүү күндөн күнгө артып келет. Эгер бул маселеге карата алдын алуулар болбосо көчтүн аягы үзүлчүдөй эмес.



**Сүрөт №1: Улуу Памир айылы жана анын айланасынын Чыгыш тараптан көрүнүшү, 1995.**



**Сүрөт 2: Улуу Памир жайлоосу Мургап облусундагы жашоолору.**

AKADEMİK BAKIŞ DERGİSİ
Sayı: 30 Mayıs – Haziran 2012
Uluslararası Hakemli Sosyal Bilimler E-Dergisi
ISSN:1694-528X İktisat ve Girişimcilik Üniversitesi, Türk Dünyası Kırgız – Türk Sosyal Bilimler Enstitüsü, Celalabat – KIRGIZİSTAN
http://www.akademikbakis.org




**Сърөт 3: Айылдан 2066 метр Батышындагы Ракымлы Кавак дөбөсъндън Зейлана дарыясынын жана жайыттардан бир көрънъш.**



**Сърөт 4: Памир жайлоосунда боз ъйлөрдөн турган конуштан бир көрънъш.**

AKADEMİK BAKIŞ DERGİSİ
Sayı: 30 Mayıs – Haziran 2012
Uluslararası Hakemli Sosyal Bilimler E-Dergisi
ISSN:1694-528X İktisat ve Girişimcilik Üniversitesi, Türk Dünyası Kırgız – Türk Sosyal Bilimler Enstitüsü, Celalabat – KIRGIZİSTAN
http://www.akademikbakis.org




**Сърөт 5: 1979-1982 жылдар арасында Пакистандын Гилгит аймагында курулган боз ъйлөрдън топтому.**




**С**

**ърөт 7: Жайгашуу жерлеринин алдыьсы кабаттарындагы короо жана сарайлардан бир көрънъш.**



**Сърөт 6: Търкистанда жана Памир жайлоолорунда колдонулуучу боз ъй.**



**Сърөт 7: Улуу Памир жана анын айланасындагы айылдарда жагуу ъчън тезек даярдоо, 1995.**

**Колдонулган булактар**

Денкер, Толун Б. (1977) “Жайгашуу географиясы, Тоо жайгашуулары” Стамбул университети, Географиялык институту, басма №93, Стамбул.

Д=нмез Й. (1973) “Търк Дьйн=сънън экономикалык жана инсандык географиясы” Стамбул университети, Географиялык институту, басма №74, Стамбул.

Эринч, С. (1953) “ Чыгыш Анадолу” Стамбул университети, басма №15,

Стамбул.

Гъней, С. (1967) “Менген аймагындагы айылдардын отурукташуусу” Стамбул университети, Географиялык институтунун журналынын, 8-тому, 16-саны, Стамбул.

Келеш, Р. (1962) “Търкияда айыл калкынын шаарларга к=чъсъ” Бешинчи шаар жана жайгаштыруу аптасы конференциялары, басма №9, Анкара.

Сергън,Ъ. (1975) “Улуу конуш: Инсандык география жагынан бир изилд==” Стамбул университети, Географиялык институту, басма №82, Стамбул.

Тунчдилек, Н. (1964) “Бозаныч айылы” Стамбул университети, Географиялык институту, басма №38, Стамбул.

Тунчдилек, Н. (1964) “Търкияда жайлоолор жана жайлоочулук” Стамбул университети, Географиялык институту, басма №14, Стамбул.

Тунчдилек, Н. (1967) “Търкияда турак жай географиясы, тоолуу аймактардагы турак жайлар” Стамбул университети, Географиялык институту, басма №49, Стамбул.

Тунчдилек, Н. (1978) “Търкияда тоолуу аймактарынын потенциалы жана маселелери” Стамбул университети, Географиялык институту, басма №96, Стамбул.

Тъмертекин, Е. (1957) “Кайрак жерлердеги айыл чарба меселелери” Стамбул университети, Географиялык институту, басма №56, Стамбул.

Тъмертекин, Е. (1980) “Тоолуу аймактар жана география” Стамбул техникалык университети, Курулуш факультети, Шаар иштери институтунун журналы, басма №80, Стамбул.

Тъмертекин, Е. (1994) “Экономикалык география” Стамбул университети, Адабият факультети, басма №2926, Стамбул.

Търкия Республикасынын Премьер министирлигине караштуу Статистикалык институт, Жалпы калк эсепт==л=ръ, 1985, 1990.

Айыл кызматтары боюнча Ван облустук башкармалыгы (1986) “Ван, Ержиш, Алтындере аймагына отурукташтырылган 298 Афганистандан к=чъп келген ъй бъл=нън айыл чарба жана к=з=м=лд== боюнча билдиръсъ”.